И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.681 диссертациялык кеңештин отурумунан

**№ 114 ПРОТОКОЛУ**

**Бишкек ш.** **30.05.2025-ж.**

**Катышкандар:**

1. Алиев Шаршеналы Алиевич (Төрага) п.и.д., 13.00.02
2. Келдибекова Аида Осконовна п.и.д., 13.00.02
3. Акматкулов Асылбек Акматкулович п.и.д., 13.00.02
4. Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич ф.-м.и.д.,13.00.02
5. Син Елисей Елисеевич п.и.д., 13.00.02
6. Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич п.и.д., 13.00.02
7. Торогельдиева Конуржан Макишевна п.и.д., 13.00.02
8. Касымалиев Муратбек Усонакунович п.и.к., 13.00.02
9. Нуржанова Сабира Акматбековна п.и.к., 13.00.02
10. Онгарбаева Алия Дуйсенгалиевна п.и.к., 13.00.02
11. Орускулов Тимур Раевич п.и.к., 13.00.02
12. Сагимбаева Айнур Есенгазыевна п.и.д, 13.00.02
13. Абдиев Кали Сеильбекович п.и.д. 13.00.02
14. Казиева Гулзат Качканаковна (Окумуштуу катчы) п.и.к., 13.00.02

**Күн тартиби:**

**1.** Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин “Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы” деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын алдын ала коргоо.

( Илимий кеңешчиси - п.и.д., проф. Калдыбаев Салидин Кадыркулович)

**Угулду:**

**Отурумдун төрагасы, п.и.д., профессор Ш.А.Алиев**: Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, урматтуу катышуучулар, бүгүн диссертациялык кеңеш өзүнүн кезектеги ишин баштады. Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин “Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы” деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы

(информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Эл аралык Кувейт университетинин “Педагогика жана колдонмо информатика” кафедрасында даярдалган, илимий кеңешчиси: п.и.д., профессор Калдыбаев Салидин Кадыркулович.

Диссертациялык ишке эксперттер катары п.и.д., профессор Сыдыхов Б.Д., ф-м.и.д., профессор Кожобеков К.Г., жана п.и.д., доцент Абдиев К.С. бекитилген.

Изденүүчүнүн Диссертациялык кеңешке өткөргөн документтеринин негизги мазмуну талапка жооп берери толук текшерилген. Диссертациялык ишинин негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Ибраев Алмазбек Дүйшөковичке берилет.

**Төрага:** Сөздү изденүүчүгө берели.

**Изденүүчү А.Д. Ибраевдин доклады:**

Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы Шаршеналы Алиевич, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү жана катышуучулар! Илимий ишибиздин мазмунун кыскача баяндоого уруксат бериңиздер.

**(Слайд №1, №2, №3). Актуалдуулугу.**

Дистанттык билим берүүнүн теориясын жана практикасын изилдөөнүн актуалдуулугу санариптештирүү, ааламдашуу жана эмгек рыногундагы өзгөрүүлөр менен байланышкан жаңы чакырыктарга билим берүү системасын адаптациялоо зарылдыгы менен шартталган. Заманбап шарттарда дистанттык технологиялар кеңири аудитория үчүн окутуу мүмкүнчүлүгүн гана камсыз кылбастан, алардын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу үчүн илимий жактан негизделген ыкмаларды иштеп чыгууну талап кылат.

2018-2040 жылга чейинки кабыл алынган Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясында жана «Санарип Кыргызстан 2019-2023» концепциясында, санариптик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануу Мамлекеттин өнүгүшүнө зор түрткү берет деп белгиленген.

Билим берүүнү маалыматташтыруудагы негизги теориялык жана методологиялык проблемалар боюнча изилдөөлөр чет элдик жана өлкөбүздүн бир катар окумуштууларынын эмгектерине таандык.

- Окуучулардын окуу, таанып билүү активдүүлүгүнүн жогорулашына жаңы маалыматтык технологиялардын тийгизүүчү таасирлери жана дистанттык билим берүүнүн айрым аспектилери туурасында окумуштуулар Дж.У. Байсаловдун, Д.М.Ажыбаевдин, Г.А.Акунованын, Т.Р.Орускуловдун илимий эмгектеринде айтылат.
- Жаңы маалыматтык технологиялардын жардамында предметтерди окутуунун өзгөчөлүктөрү боюнча У.Э.Мамбетакунов, Г.К.Чекирова, М.У. Касымалиев, А.Д. Онгорбаева, ж.б. окумуштуулар өзүлөрүнүн тажрыйбалары менен бөлүшөт.

Жогоруда келтирилген аргументтердин негизинде жогорку окуу жайларда жаңы парадигмаларды эске алган окутууну уюштуруунун теориялык жана

практикалык маанилерин изилдөө маселеси заманбап талап катары илимий ишибиздин акталдуулугун жаратты.

**Анын негизинде төмөндөгүдөй карама-каршылыктардын бар экендигин аныктадык:**

- Жогорку билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо боюнча стратегиялар, программалар, билим берүү стандарттары, талаптар кабыл алынганы менен билим берүүнүн сапатынын төмөн болуп жаткандыгы;
- Республикабыздын жогорку окуу жайлары үчүн дистанттык окутуу технологиясын пайдалануу аркылуу сырттан окуу формасын ишке ашыруу зарылдыгы белгиленгени менен аралыктан билим берүүнүн, окутуунун бирдиктүү концепциясынын, программдык платформасынын жоктугу;
- Кыргызстанддын жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнүн колдонулуп жатканы менен анын теориясынын жана практикасынын жетиштүү негизделбегендиги, илимий жана методикалык жактан изилдөөлөрдүн жоктугу.

Ушул карама-каршылыктарды, коюлган проблеманы чечүү зарылдыгы биздин «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» аттуу диссертациялык изилдөөбүздүн темасын аныктоого мүмкүндүк берди.

- **Диссертациянын темасы** Эл аралык Кувейт университетинин, К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин, Ала-Тоо эл аралык университетинин «Дистанттык билим берүү системасын өнүктүрүүнүн илимий жолдору» аттуу илимий темалары менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты** - Дистанттык билим берүүнү теориялык жана практикалык жактан негиздөө, педагогикалык системасын иштеп чыгуу жана анын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн максатына ылайык төмөндөгүдөй милдеттер келип чыкты:**

1. Дистанттык билим берүүнүн изилдениш абалына, проблемаларына талдоо жүргүзүү, ошону менен бирге дистанттык билим берүүдө IT технологияларды колдонуунун ордун жана ролун аныктоо;
2. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык элементтерин камтыган концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу, регламенттөөчү принциптерди аныктоо;
3. Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмунун аныктоо, дистанттык билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын илимий негиздөө жана изилдөөнүн методдорун тактоо;
4. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруунун жолдорун аныктоо.
5. Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилерин изилдөө жана педагогикалык эксперимент аркылуу иштелип чыккан дистанттык билим берүүнүн методикалык системанын натыйжалуулугун текшерүү.

- Изилдөөнүн илимий жаңылыгы; Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси; Коргоого коюулуучу негизги жоболор; Изденүүчүнүн жеке салымы боюнча маалыматтар авторефератта берилген, эгер мүмкүн болсо **милдеттердин аткарылышы боюнча токтолсом.**

- **Биринчи бөлүм – «Билим берүүнү маалыматташтыруу шартында дистанттык окутуунун теориялык жана практикалык маселелери»** деп аталып, мында изилдөөнүн *биринчи милдети* аткарылды. Бул бөлүмдө дистанттык билим берүүнүн негизги концепцияларын жана ыкмаларын, ошондой эле дистанттык билим берүүнүн калыптануу жана өнүгүү этаптары каралды. Бул бөлүмдө дистанттык билим берүүнү өнүктүрүүдө маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) ролу изилденип, дистанттык билим берүү жана маалыматташтыруу багыттары, проблемары боюнча Россиянын, Казахстандын жана Ата-мекендик изилдөөчүлөрдүн илимий эмгектери талдоого алынды. Дистанттык билим берүү боюнча орус окумуштуулары Р.Ф.Абдеевдин (2004), Б.С.Гершунскийдин (1987), Е.С. Полаттын (2004), А.В. Хуторскойдун (2010), Н.Д.Никандровдун (2004), А.А.Андреевдин (1999), М.П. Карпенконун ж.б. (2012) илимий эмгектерин айтууга болот.

Казахстанда билим берүүнү маалыматташтыруу, информатика, дистанттык окутуунун артыкчылыктары боюнча жазылган Е.Ы.Бидайбековдун, Ж.А. Караевдин, А.Е. Сагимбаеванын, Б.Д. Сыдыховдун ж.б. окумуштуулардын эмгектерин атоого болот. Д.С.Хамитова *"Жогорку окуу жайларда мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн дистанттык окутууну уюштуруунун педагогикалык шарттары"* деген темадагы PhD доктордук диссертациясында, педагогикалык шарт түшүнүгү кеңири чечмеленет.

Кыргыз Республикасынан, жогорку окуу жайларында дистанттык окутуунун дидактикалык негиздерин иштеп чыгуу боюнча маалыматтар Г.И. Ажыманбетованын кандидаттык диссертациясында баяндалат (2011). Жогорку окуу жайда аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнү моделдештирүү боюнча Ч.Т. Өмүрканова кандидаттык диссертациясын изилдеген (2016).

- **Экинчи бөлүм "Дистанттык билим берүү боюнча изилдөөнүн методологиясы жана методдору"** деп аталып, мында изилдөөнүн ***экинчи милдети*** аткарылды.

Бул бөлүмдө билим берүүнүн концептуалдык негиздери, дистанттык окутуу түшүнүгү жана концепциясы жөнүндөгү окумуштуулардын илимий педагогикалык изилдөөлөрүнө талдоолорду жүргүзүү менен биз, дистанттык билим берүүнүн аныктамасын бердик.

***(Аныктама) Дистанттык билим берүү*** *– бул санариптик технологияларды, онлайн ресурстарды жана интерактивдүү методдорду колдонуу менен географиялык жайгашкан жерине, графигине жана жаш курагына карабастан билим алууга жана көндүмдөрдү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берген окуунун заманбап, ийкемдүү жана жеткиликтүү формасы.*

Дистанттык билим берүүнү уюштуруунун концептуалдык мамилелери, аны жөнгө салуу принциптери, ошондой эле дистанттык билим берүүнү илимий изилдөө үчүн колдонулган методдор каралат.

**<u>Дистанттык билим берүү концепциясы</u>** – билимдин белгилүү тармагындагы кубулуштарды, процесстерди же ыкмаларды түшүндүрүү үчүн

негиз болуп кызмат кылган, жалпы илимий идея менен бириккен теориялык көз караштардын системасы.

Дистанттык окутуунун концептуалдык негиздери илимий идеялардын, көз караштардын жана принциптердин бирдиктүү системасын түзөт.

Дистанттык билим берүүнү регламенттөөчү принциптери боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында:

1. Идентификациялоо принциби;
2. Ийкемдүүлүк принциби;
3. Көз карандысыздык принциби;
4. Интерактивдүүлүк принциби;
5. Мультимедиа принциби;
6. Кайтарым байланыш принциби;
7. Башкаруу принциби.

Бул регламентөөчү принциптер виртуалдык чөйрөдө компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүгө, ийгиликтүү окутууга, эффективдүү жана инновациялык билим берүү чөйрөсүн түзүү үчүн негиз болуп саналат.

- **Үчүнчү бөлүм – "Дистанттык билим берүүнүн теориялык маселелери"** деп аталып изилдөөнүн ***үчүнчү*** *жана* ***төртүнчү*** милдеттери аткарылды. Бөлүм үч параграфтан туруп, дистанттык билим берүүнүн мазмундук жана методологиялык негиздерин ачууга багытталат.

Биринчи параграфта дистанттык билим берүүнүн структурасы жана мазмуну каралып, анын уюштуруучулук-педагогикалык модели аныкталат.

Экинчи параграфта дистанттык билим берүүнүн *методикалык системасы* изилденип анын педагогикалык модели (схемасы) түзүлүп чыгып сунушталды. Сунушталган дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы негизги блокторго бөлүнүп, ар бир блоктун ички процесстеринин компоненттери аныкталып схема түрүндө байланыштырылып берилген.

Үчүнчү параграфт дистанттык билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзгөн жаңы маалыматтык технологияларды натыйжалуу колдонуунун педагогикалык шарттарын изилдөөгө арналган.

- **Төртүнчү бөлүм – «Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери»** деп аталып мында изилдөөнүн ***бешинчи милдети*** аткарылды.

Бул бөлүмдө билим берүү процессин уюштуруунун куралы катары билим берүү веб-сайттарын түзүү жана колдонуу технологиясы жана аралыктан билим берүүнүн программдык башкаруу системасын уюштуруу, иштетүү технологиялары кеңири каралып изилденди.

Бул бөлүмдүн акыркы параграфтында педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары изилденди.

**Педагогикалык экспериментти уюштуруунун максаты** биз изилдеген дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык негиздердин тууралыгын, дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын эффективдүүлүгүн текшерүү болуп саналат.

Изилдөөбүздө коюлган милдеттерге ылайык 2018-2024 жылдарда **абалды аныктоочу, изденүүчү жана окутуучу эксперименттер жүргүзүлдү.** Эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн базасы катары үч жогорку окуу жайы тандалып алынды: 1) К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин 2) Эл аралык Кувейт университетинин; Ала-Тоо эл аралык университетинин «Дистанттык билим берүү борборлору» катышты.

**Абалды аныктоочу эксперимент** 2018-2019 окуу жылында өткөрүлдү. Эксперименттин жүрүшүндө эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн базасы катары кирген жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүү боюнча аткарылып жаткан иш аракеттер, проблемалар талдоого алынды.

Абалды аныктоочу экспериментте аныкталган проблемалар эксперимент жүргүзүлгөн окуу жайларда гана эмес, Кыргызстандын бардык жогорку окуу жайларындагы дистанттык билим берүү процессинде бар экендиги байкалды.

Аныкталган проблемалардын чечилишин табуу жана изилдөөбүздө иштелип чыккан дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын апробациялоо максатында изденүүчү экспериментти жүргүзүү пландалды.

**Изденүүчү эксперимент** 2019-2020 жана 2021-2022 окуу жылдар аралыгында К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук агрардык университетинин “Дистанттык билим берүү жана квалификацияны жогорулатуу” борборунда уюштурулду.

**2019-2020 окуу жылында** изденүүчү экспериментти уюштурууга карата даярдыктар көрүлдү:

1) Тренинг-семинардын программасы түзүлдү;

2) Методикалык системага ылайык экспериментке катышкан студенттердин баштапкы жана эксперименттен кийинки деңгээлдерин аныктоо максатында деңгээлдүү көрсөткүчтөрдүн шкаласы иштелип чыкты. Деңгээлдер $\alpha_1$, $\alpha_2$, $\alpha_3$, $\alpha_4$ көрсөткүчтөрү менен белгиленип:

- Билими **төмөн**, калыбына келтирүүчү деңгээл ($\alpha_1$);
- Билими **орто**, репродуктивдүү деңгээл ($\alpha_2$);
- Билими **жогору**, айрым изденүүчү деңгээл ($\alpha_3$);
- Билими **эң жогору**, чыгармачылыктуу деңгээл ($\alpha_4$);

3) Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасындагы *“Даярдоо блогу”* боюнча иштер аткарылды: (Web квест, ОМК; тест; анкета; вирт.лаб.)

Изденүүчү эксперимент **2021-2022-окуу жылында** да улантылды. Бул окуу жылындагы жүргүзүлгөн изденүүчү эксперимент К.И. Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук агрардык университетинде биздин дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын **элементтерин информатика** курсуна интеграциялоо маселесин чечиүүдө келип чыкты. Методикалык системанын *“Окутуу процессин уюштуруу”* блогуна таянып информатика курсун окутуунун максатын, милдеттерин жана мазмунун, каражаттарын аныктап алдык.

Семестрдин ортосунда *модулдук текшерүү* жана аягында *жыйынтыктоочу текшерүү* менен белгиленген критерийлердин негизинде

студенттердин информатика курсу боюнча *билим-билгичтиктеринин деңгээлдери бааланды.*

**Окутуучу эксперимент.** 2022-2023, 2023-2024 - окуу жылдар аралыгында жүрдү. Окутуучу эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн базасы катары жогоруда белгиленген үч жогорку окуу жайы тандалып алынды: 1) К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети 2) Эл аралык Кувейт университети 3) Ала-Тоо эл аралык университети. Эксперименталдык изилдөөлөр ар бир университеттин **Экономика; Колдонмо информатика; Менеджмент** багыттары боюнча биринчи курстун студенттерине, "Информатика" курсу боюнча жүрдү. Жалпы окутуучу экспериментке 346 студент тартылды. **4-таблица.** *(слайд)*

Эксперименталдык группаларда информатика курсу боюнча билим-билгичтиктерди калыптандыруу биз тараптан иштелип чыккан дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы аркылуу ишке ашырылды. Мында информатика курсунун мазмуну менен катар, методикалык системанын бардык блокторун ишке ашырууга басым жасалды. Ал эми контролдук группаларда жаңыча түзүлгөн мазмун боюнча информатика курсу традициалык негизде окутулду.

Эксперименталдык жана контролдук группалардын эксперимент башталганга чейинки натыйжалары төмөнкү таблицада берилди.

5-таблицада көрүнүп тургандай, эксперименталдык группалардын баштапкы текшерүүсүндөгү жыйынтыктар менен контролдук группанын баштапкы текшерүүдөгү жыйынтыгы бири-биринен анча айырмаланбай тургандыгын көрүүгө болот. Демек бул маалыматтар бизге эксперименталдык группалар менен контролдук группалардын ортосунда билим-билгичтик деңгээлдер бирдей экендигин билгизип турат.

6-таблицада, 2022-2023 окуу жылындагы жыйынтыктоочу текшерүүлөр боюнча алынган маалыматтарын көрүүгө болт.

Окутуучу экспериментте информатика курсу боюнча (Э1), (Э2) эксперименталдык группалардын студенттеринин билим – билгичтик деңгээлдеринин өскөндүгүн көрүүгө болот.

Ал эми контролдук (К1) группасынын студенттеринин информатика боюнча билим-билгичтик деңгээлдеринин санынын өсүшү анча чоң эмес экендиги көрүнүп турат.

Ошондой эле окутуучу эксперимент 2023-2024 окуу жылында да өткөрүлүп, биз сунуштап жаткан методикалык системанын эффективдүүлүгүн текшерүү улантылды. 2023-2024 окуу жылында кайрадан биринчи жана экинчи семестринде уюштурулуп, эксперименталдык (Э3, Э4) жана контролдук (К2) группалары аныкталып, экспериментке катышкан студенттердин саны такталды.

Окутуучу экспериментте К.И.Скрябин атындагы кыргыз улуттук агрардык университети информатика курсунун мазмуну боюнча аралыктан окутуу процессинин көпчүлүк бөлүгүн AVN автоматташтырылган системасы аркылуу ишке ашырышты. Билим берүү порталы аркылуу окуу процессине тийиштүү бардык материалдар берилип турду. Ал эми Эл аралык Кувейт университети AVN

системасынын сырткары Google тиркемелеринин дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу аркылуу ишке ашырышты.

Ал эми контролдук группаларда окутуу процесси Moodle платформасы аркылуу жүрүп жатты. Ала-Тоо университети дистанттык билим берүү системасын башкарууну Moodle платформасы аркылуу ишке ашырып жатышты.

2023-2024 - окуу жылындагы окутуучу эксперименттин жыйынтыктары алынып деңгээлдер боюнча пайыздык көрсөткүчтөрү чыгарылып, 8-таблицада берилди.

8 – таблицада 2023-2024 окуу жылындагы жыйынтыктоочу текшерүүлөрдүн маалыматтары берилген. Эксперименталдык жана контролдук группалардын жыйынтыктарындагы айырмачылыктар дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын оң эффектиси бар экендигин жана студенттердин билим-билгичтик деңгээлдерин калыптандырууда бул методикалык система натыйжалуу таасир берээрин далилдейт.

Жогоруда алынган жыйынтыктардын негизинде, информатика курсу боюнча студенттеринин билим – билгичтик деңгээлдеринин орточо көрсөткүчтөрү чыгарылды.

Эксперименталдык жана контролдук группалардын жыйынтыктарындагы айырмачылыктар дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын оң эффектиси бар экендигин жана аралыктан окутууда, студенттердин билим-билгичтик деңгээлдерин калыптандырууда бул методикалык система натыйжалуу таасир берээрин далилдейт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Изилдөөдө илимий педагогикалык жана практикалык тажрыйбаларды кеңири колдонуу менен төмөндөгүдөй жыйынтыктарды алууга мүмкүнчүлүк берди.

**1.** Дистанттык билим берүүнүн теориялык-практикалык маселелерин изилдөөнүн натыйжасында дистанттык билим берүүнүн *структурасы, мазмуну* жана IT технологиялардын аралыктан билим берүүдөгү *орду жана ролу* изилденди. Дистанттык билим берүүнүн пайда болгондон берки өнүгүү этаптарында анын басып өткөн тарыхий жолу изилденип жана ошону менен бирге дистанттык билим берүүнүн өнүгүшүнө салымын кошкон окумуштуулардын эмгектери анализденди.

**2.** Дистанттык билим берүүнүн концептуалдык негиздери изилденип анын багыттары аныкталды. Аныкталган багыттардын мазмуну чечмеленип берилди.

Изилдөөдө дистанттык билим берүүнүн *регламенттөөчү принциптери аныкталып* анын ар бирине кыскача мүнөздөмөлөр берилди.

**3.** Изилдөөдө дистанттык билим берүүнүн **структурасы** менен **мазмуну** аныкталып, дистанттык билим берүүнүн структурасы схема түрүндө иштелип чыкты, анын ар бир компоненти чечмеленип берилди. Изилдөөдө педагогикалык шарт түшүнүгүнө кеңири мүнөздөмө берилип, дистанттык билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун ***“Методикалык”*** жана

***"Уюштуруучулук"*** шарттары аныкталып, анын схемасы иштелип чыкты. Диссертацияда дистанттык билим берүүнү изилдөөнүн илимий методдору аныкталды, иштин жүрүшүндө *анкета, интервью, кибер – этногрфиялык байкоо, анализ жүргүзүү, системалаштыруу, тестирлөө, жалпылоо* методдору тандалып алынып алардын колдонулушу чечмеленип берилди.

**4.** Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруунун жолдорун изилдөөдө чет элдик окумуштуулардын дистанттык билим берүүнүн түзүлүүсү туурасындагы илимий эмгектерге анализ жасалды. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыгып анын педагогикалык модели сунушталды. Методикалык системада дистанттык билим берүүнүн сапатына, өнүгүшүнө таасир этүүчү сырткы компоненттер аныкталып көрсөтүлдү жана ар бири чечмеленип берилди.

**5.** Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери жана методикалык системанын натыйжалуулугун текшерүү боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн алкагында дистанттык билим берүүнү башкарууга, окутуу ишмердүүлүгүн ишке ашырууга ыңгайлуу платформалар талдоого алынып, билим берүүнү башкаруунун эң ылайыктуу системасы катары **Moodle** платформасы сунушталы.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

**1.** Жогорку окуу жайларында бирдиктүү санариптик платформаларды киргизүү, оптималдаштыруу сунушталат. Алар аркылуу колдонуучуга ыңгайлуу интерфейсти, платформанын туруктуу иштешин камсыз кылуу керек.

**2.** Окутууну жекелештирүү, окуу процессин ар бир студенттин билим деңгээлине, кызыгуусуна жана окуу темпине ылайыкташтыра турган адаптивдик технологияларды киргизүү сунушталат.

**3.** Окууну кызыктуу жана практикага багытталган виртуалдык лабораториялар, билим берүүчү оюндарын жана симуляциялар сыяктуу интерактивдүү элементтерди камтыган методикалык базаны түзүү зарыл.

**4.** Дистанттык билим берүүдөгү көйгөйлөрдү эрте аныктоо, чечүү жана билим берүүнүн мазмунун жакшыртуу үчүн дистанттык билим берүү процессине ар дайым мониторинг жүргүзүп туруу зарыл.

**5.** Дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттары бардык жогорку окуу жайларында түзүлүп, ал (уюштуруучулук, методикалык) ар дайым жаңыланып турууга тийиш.

**Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!**

**Отурумдун терагасы, п.и.д., профессор Ш.А.Алиев:** Рахмат! Изденүүчүгө диссертациялык ишинин айланасында суроолорунуздарды берсенизder болот.

**1-суроо: п.и.д., профессор Алиев Ш.А.** Мурда билесиз бизде сырттан окуу формасы бар болчу, эми азыр дистанттык окутуу деп жатабыз, сиздин изилдөөлөрдөн кийин ушу экөөнүн ортосунда айырмачылыктар бар бекен, эмне өзгөчөлүктөр бар?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Абдан маанилүү суроо, 2012 – жылдан тартып Кыргыз Республикасынын билим берүү Министрлиги тарабынан жогорку окуу жайларда сырттан окуу формасы токтотулуп, алгач дистанттык билим берүү формасына өтүү боюнча буйрук келген. Андан кийин “КР Билим берүү мыйзамында” дистанттык билим берүү формасы жок болгондугуна байланыштуу, Дистанттык окутуу технологиясын пайдалануу менен сырттан окуу формасы деп өзгөртүлүп, лицензиялар берилген. Дистанттык билим берүүдө жаңы, санариптик технологиялардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп үзгүлтүксүз билим берүү, окутуу ишмердүүлүгүн жөнгө салууга болот. Студенттерде аралыктан каалаган убакта окуу материалдарын алып билим алууга мүмкүнчүлүгү пайда болот. Ал эми мурдагы сырттан окуу формасында окуу, билим берүү ишмердүүлүгү семестр убагында бир ай же 2 жума убакытта активдүү болуп ал эми, калган убактарда окуу ишмердүүлүгү жалаң студенттин өз алдынча ишине багытталып жүргүзүлгөн. Дистанттык билим берүүдө болсо технологиянын жардамында дайыма мугалим студент менен байланышта болуп, окутуу, өз алдынча тапшырмаларды берүү, кайтарым байланышын жүргүзүү, көзөмөлдөө иштерин аткара алат.

**2-суроо: п.и.д., профессор Син Елисей Елисеевич**. С чем связано использование понятий «необходимость», а не «потребность» при выделении социально-государственной, научно-педагогической и практической значимости темы?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Рахмат, диссертациялык изилдөөбүздүн актуалдуулун белгилөөдө биз, 3 негизги муктаждыкты белгилегенбиз, бирнчи социалдык-мамлекеттик муктаждык, мында коомчулук заманбап технологиялардын жардамында сапаттуу билим алууга муктаж. Коодо аралыктан, иш ордунда туруп сапаттуу билим алуу муктаждыгы пайда болууда. Аралыктан башка мамлекеттердин жогорку окуу жайларына тапшырып окуугусу, билим алгысы келгендер жок эмес. Андан тышкары мамлекеттин өнүгүү стратегияларына ылайык санарип технологияларын колдонуп сапаттуу кадырларды даярдоо, окутуу, билим берүүнүн жаңы методдорун изилдөө, ойлоп табуу ж.б.у.с муктаждыктар бар.

**2-суроо: п.и.д., профессор Син Елисей Елисеевич**. Методическая система дистанционного образования, по схеме первый подготовительный блок а остальным называется блогами, почему?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Рахмат суроонузга, негизинен биз иштеп чыккан дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы 4 негизги блокко бөлүнгөн. *1- Даярдоо блогу; 2-Окутуу процессин уюштуруу блогу; 3-Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу блогу; 4- Жыйынтыктоо блогу.* Мүмкүн орусчасында туура эмес жазылып калышы мүмкүн, негизинен блокторго бөлүнгөн.

**3-суроо: п.и.д., профессор Син Елисей Елисеевич**. По методической системе, как докторский диссертации я не вижу нового, каждый элемент и этап уже апробирован, что новое скажите?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Рахмат, биз сунуштап жаткан дистанттык

билим берүүнүн методикалык системасы өзү жаңылык, бул педагогикалык модел аралыктан билим берүү процессин өркүндөтүү үчүн иштелип чыккан. Мында аралыктан билим берүүдөгү ар бир процесс каралып, изилденип схема түрүндө берилди. Традициялык билим берүүдө бул компонеттер каралган болушу мүмкүн, ал дистанттык билим берүү боюнча илимий негизделген изилдөөлөр жок. Дистанттык билим берүү боюнча окумуштуулардын жүргүзгөн изилдөөлөрү көбүнчө негизинен жалпы өзгөчөлүктөрү, шарттары боюнча эле айтылат. Биз дистанттык билим берүүнү уюштуруу жана окутуу процессин изилдеп жазып анын схемасын иштеп чыктык. Эгерде, жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнү ушул методикалык системанын блоктору боюнча карманып иш алып барсак, аралыктан билим берүүнүн сапатына сөзсүз оң таасирин тийгизет.

**4-суроо: п.и.д., профессор Син Елисей Елисеевич**. У дистанционного обучения есть как положительные, так и отрицательные стороны. Вы сторонник дистанционного или традиционного обучения, и как, по вашему мнению, эти формы могут взаимодействовать между собой?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Рахмат, бүгүнкү күндө күндүзгү окуу бөлүмүндө деле санариптик технологияларды колдонуп окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүү иштери практикаланууда. Лекциялык материалдардын баарын аудиторияда традициялуу негизде окуп отурбастан билим берүү порталдарына алдын ала жайгаштырып, студенттер лекцияны сайттан алып окуп, ал эми аудиторияда болсо ошл лекияларды талкуулоо ирээтинде сабактарды өтсө болот, мугалим модератор катары иш алып барып, окутуунун методикасын өзгөртүүгө болот. Дистанттык окутууда мугалим билим берүү порталы аркылуу баардык окуу материалдарын толук берсе, чат, форумдар аркылуу талкуулар уюштурса сабак кызыктуу жана сапаттуу болот.

**5-суроо: п.и.к., доцент Касымалиев М.У.** Диссертациялык ишиңиз, Кыргызстандын билим берүүнү санариптештирүү стратегиясына кандай салым кошот деп ойлойсуз?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Кыргызстандын жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүү системасы азырынча жеткиликтүү деңгээлде иштелип чыга элек. Дистанттык билим берүүнүн проблемалары, методдору, технологиялары, педагогикалык принциптери ж.б.у.с изилдөөлөр жокко эсе. Кыргызстандын жогорку окуу жайлары үчүн дистанттык окутуу, башкаруу боюнча бирдиктүү платформанын жоктугу, ар бир окуу жай өзүнүн дараметинче иш алып барып жаткандыгы проблема катары эсептелет. Биз диссертациябыздын алкагында Кыргызстандагы дистанттык билим берүүнүн абалын, проблемаларын изилденип талдоого алдык, жыйынтыгында теориялык жана практикалык сунуштар берилди. Биз ойлойбуз, диссертацияда берилген сунуштар, жыйынтыктар Кыргызстандагы дистанттык билим берүү системасын өнүктүрүүгө салымын кошот.

**6-суроо: п.и.к., доцент Касымалиев М.У.** Сиздин эмгектериңизди билем, К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде АВН системасын киргизип, билим берүү порталын интеграциялар окутуу боюнча иш алып барып жүргөнсүз. Менде суроо мындай, ошол аралыктан билим берүү

боюнча ишке ашырылган платформалардын артыкчылыктары жана чектөөлөрү кандай болду?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Эксперименталдык излдөөбүздө үч жогорку окуу жайын алганбыз, ошол ар бир жогорку окуу жайында үч башка платформаларды аралыктан билим берүүдө колдонуу процессинде текшердик. Мисалы К.И.Скрябин атындагы КУАУда АВН системасы менен биз өзүбүз түзүп чыккан веб порталын интеграциялап жасап чыгып билим берүүдө колдондук. Эл аралык Кувейт университетинде болсо АВН системасы менен бирге Google тиркемелерин колдонуп окутуу ишмердүүлүгүн жүргүзүп текшердик. Ал эми Ала-Тоо университетинде болсо Moodle платформасы колдонулуп иштер жүрдү. Ар бир платформалардын артыкчылыктары менен чектөөлөрүн диссертацияга киргизип жаздык. Жыйынтыгында, бүгүнкү күндө дистанттык билим берүүгө эң ылайыктуу жана ыңгайлуу платформа катары Moodle платформасы сунушталды. Себеби биринчиден бул платформа Эл аралык деңгээлдеги платформа катары эсептелет, экинчиден программанын спецификасы өзү аралыктан билим берүү процессин башкарууга, иштетүүгө арналган система болуп саналат.

**6-суроо: п.и.к., доцент Касымалиев М.У.** Акыркы суроом бар, дистанттык билим берүүдө кандай педагогикалык принциптер болуш керек жана сиз сунуштап жаткан регламентөөчү принциптер кандай негизде тандалып алынды.

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** 10-слайддан көрсөтүп өттүк, биздин экинчи милдетибиздин чечилишинде дистанттык билим берүүнүн *Идентификациялоо принциби; Ийкемдүүлүк принциби; Көз карандысыздык принциби; Интерактивдүүлүк принциби; Мультимедиалуулук принциби; Кайтарым байланыш принциби; Башкаруу принциби* болуп 7 принци аныкталды.

Ар бир принцип дистанттык билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салып турат. Принциптердин сакталышы дистанттык билим берүү, окутуу ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатууга жардам берет. Мисалы, идентификациялоо принцибин айтсак, аралыктан билим берүүнүн жүрүшүндө мугали студенттердин ар бир ишин каттоого алып (идентификацияланып) ага кайтарым иш аракеттерди аткарып турууга тийиш. Мына ушул сыяктуу иштер окутууда же окууда принцип катары сакталса анда аралыктан билим берүү сапаты өсөт жана анын өнүгүшүнө жол ачылат.

**7-суроо: п.и.д., доцент Келдибекова А.О.** Дистанттык технологиялар менен санариптик технологиялар булардын айырмачылыктары барбы?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Ооба, дистанттык технологиялар менен санариптик технологиялардын ортосунда мааниси жагынан да, колдонуу чөйрөсүндө да айырмачылыктар бар.

*Дистанттык технологиялар* - бул студенттер менен мугалимдин бир жерде жеке катышуусун талап кылбастан, аралыкта окуу процессин уюштурууну камсыз кылган технологиялар. *(Moodle, Google Classroom, Coursera ж.б.)*

*Санариптик технологиялар* - бул санариптик (электрондук) маалыматтарды жана компьютердик технологияларды жашоонун бардык тармактарында, анын

ичинде билим берүү, медицина, өнөр жай ж.б. колдонууга негизделген технологиялардын кеңири классы.

**8-суроо: п.и.д., доцент Келдибекова А.О.** Дистанттык технологиялар азыр көп, Кыргызстана ар бир жогорку окуу жайы да өздөрүнүн технологияларын колдонуп жатышат, чет өлкөлөрдө дагы саны көп, мына ошол дистанттык технологиялардын классификациясы жасалдыбы?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Бүгүнкү күндө сиз өзүңүз белгилегендей дистанттык билим берүүдө колдонулуп жаткан технологиялар көп. Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн милдети катары дистанттык билим берүүдө колдонулган программалардын прикладдык аспектилерин изилдөө белгиленген. Изилдөөнүн алкагында дүйнөдө колдонулуп жаткан технологялардын артыкчылыктарын карап чыгып, алардын 16 сын белгилеп диссертацияга киргиздик.

**9-суроо: п.и.д., доцент Келдибекова А.О.** МКТ компетенция менен санарип компетенциялар каралганбы, мүмкүн жаңы компетенция сунуштадыңыз?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Ооба, МКТ компетенттүүлүгү (маалымат жана байланыш) менен санариптик компетенттүүлүктүн ортосунда айырма бар, бирок бул түшүнүктөр көп учурда бири-бирине дал келет. Азыркы илимий булактарда алар көбүнчө синонимдер катары колдонулат, бирок иш жүзүндө алар ар кандай масштабга жана басымга ээ.

МКТ компетенциясында - маалыматтарга жетүүнү, берүүнү жана иштетүүнү камсыз кылуучу байланыш каражаттарына басым жасалат.

Ал эми санарип компетенциясында - санариптик технологияларды окууда, жумушта жана жашоодо ишенимдүү, критикалык жана жоопкерчиликтүү колдонуу үчүн зарыл болгон билимдердин, көндүмдөрдүн жана мамилелердин жыйындысы.

**10-суроо: п.и.д., доцент Сыдыхов Б.Д.** Рассматривается у вас воспитательный процесс в дистанционном обучении.

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Дистанттык билим берүүдө тарбиялоо процесси дагы сөзсүз каралат жана ал окутуу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Аралыктан билим алып жаткан студенттердин биринчи кезекте жоопкерчилиги, окууга болгон мамилеси, тапшырмаларды туура убагында аткарууга болгон аракеттери каралат. Студенттин мугалим менен кайтарым байланышты убагында жүргүзүп туруусу жана онлайн режиминде маданияттуу сүйлөө, өзүн алып жүрүү сыяктуу этикалык нормалар сакталышы керк.

**10-суроо: п.и.д., доцент Сыдыхов Б.Д.** Как рассматривается научная исследовательская работа студентов в дистанционной обучении?

**Жооп-изденүүчү А.Д. Ибраев:** Дистанттык билим берүүдө студенттердин илимий-изилдөө иштери алардын илимий-изилдөө жана өз алдынча ишмердүүлүгүн калыптандыруунун маанилүү компоненти болуп эсептелет. Дистанттык форматта ал санариптик инструменттер аркылуу ишке ашырылат: илимий жетекчилер менен онлайн консультациялар, виртуалдык конференцияларга катышуу, долбоордук тапшырмаларды аткаруу, электрондук китепканаларды жана маалымат базаларын колдонуу. Студенттердин

маалыматты издөө, талдоо жана критикалык баалоо, ошондой эле натыйжаларды санарип форматында көрсөтүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө маани берилет.

**11-суроо: п.и.к., доцент Орскулов Т.Р.** Методикалык системанын иштешин Крыгыз улуттук агарардык университетинде "Информатика" предмети боюнча жүрдү деп жатасың анда, дистанттык билим берүү кайактан жүрүп жатат, аудиторияда жүрүп жатабы?

***Жооп-изденүүчү* А.Д. Ибраев:** Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын иштеши жана анын эффективдүүлүгү биздин жүргүзгөн *изденүүчү экспериментте* "Информатика" предмети аркылуу текшерилди. Бирок, информатиканы окутуу процесси аудиторияда эмес билим берүү порталы, санарип платформалар аркылуу аралыкта (үйлөрүндө, жумушунда же башка бир жерлерде) жайгашкан студенттерге окутулду. Күндүзгү окуу бөлүмдөрүндө окугандарга эмес, сырттан окуу бөлүмүндө окуган студенттерге карата жүргүзүлдү. Кыргыз улуттук агрардык университеттин сырттан окуу боюнча лицензиясы бар болгон баардык багыттардагы окуу планындагы болгон сабактар боюнча окутууда методикалык система пайдаланылды. Ар бир предмет боюнча мугалимдер дистанттык билим берүүгө карата даярдык иштерин жүргүзүп семинарларда окушту.

**12-суроо: п.и.к., доцент Орскулов Т.Р.** Кыргызстандан тышкары кайсы жерлерде дистанттык билим берүү боюнча апробациялоо иштери болду?

***Жооп-изденүүчү* А.Д. Ибраев:** Дистанттык билим берүүнүн жалпы жыйынтыктары, методикалык система жана принциптер, аралыктан окутуунун мазмуну жана маңызы, өз алдынча иштерди уюштуруу ж.б.у.с изилдөөлөрдүн жыйынтыктары Казахстандын, Россиянын жогорку окуу жайларында апробацияланды. Түштүк Казахстан педагогикалык университетинин *"Интеграция, традиции, инновация»* деген аталыштагы илимий – практикалык конференциясында баяндама жасалды. Москва шаарындагы РУДНге барып дистанттык билим берүүнүн перспективасы жана проблемалары боюнча пикир алышып, маалыматтарды бөлүшүп келдик.

**Төрага**: Сөз илимий кеңешчиси профессор Калдыбаев Салидин Кадыркуловичке берилет.

**Калдыбаев С.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

Урматтуу төр ага, урматуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, урматуу Казахстандан катышып жаткан профессор эже агайлар, ушул диссертациянын мазмунун терең анализдеп өзүңүздөрдүн ойлоруңуздарды билдирип жатканыңар үчүн ыраазычылык билдирем. Алмазбек Дүйшөкович бул тема боюнча жок эле дегенде 15 жылдан бери изилдеп, алектенип келаткан инсан. Кыргызстандагы дистанттык билим берүүнүн башталганынан баштап бүгүнкү өнүгүп келаткан деңгээлге чейин саресеп салып, өзү дагы кошо аралашып келүүдө. Мына бул изилдөөлөрдүн эң негизгиси катары баса көрсөтүүчү нерсе бул, Кыргызстанда дистанттык билим берүү кандай жолдо бара жатат, кандай жолдо өнүгүп келди жана кандай кылса болот, дүйнөлүк тенденция менен кантип шайкеш келтирсек болот деген маселелердин үстүндө маанилүү. Мына биздеги билим берүүнү дүйнөлүк аренага алып чыгалык, дүйнөлүк деңгээлге шайкеш келтирелик, Болон

процессине кошулалык, келечекте жогорку билим берүүнүн сапатын арттыралык деген демилгелердин баарысы ошол келечек үчүн болуп жатат. Ошол багытта, жогорку окуу жайларда дистанттык технологияларды колдонуп билим берүүнүн сапатын арттыруу жана дүйнөлүк деңгээлге шайкеш келтирүү багытында илимий өңүттө изилдеп карап жаткан Кыргызстандагы жетектөөчү адистердин бири болуп эсептелет. Алмазбек Дүйшөкович бул боюнча Россиянын, Казахстандын, Кыргызстандын окумуштууларынын изилдөөлөрүн карап чыгып, дистанттык билим берүүнү жакшыртуунун моделин сунуштап жатат.

Бул жерде эң негизги көрсөтүлүүчү нерсе, мына агайларыбыз да суроолорун берип жатат, дистанттык билим берүү традициалык негизде кетип жатат бирок, ошону кандайча илимий өңүттөн жакшыртсак болот. Традициалык жол менен кетип жаткан дистанттык билим берүүнүн илимий негиздери кайсылар болот, кантип биз ошол илимий негиздерге таянып аны андан аары жакшыртсак болот деген изилдөөнү жүргүзүп жатат. Бул жерде эң негизги басым мугалимдин кесиптик чеберчилигин жогорулатууга жасалган, дистанттык технологияларды колдонуп билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү методдору, принциптери, прикладдык аспектилери каралган. Көпчүлүк дүйнөлүк изилдөөлөрдө айтылат билим берүүнүн сапаты сөзсүз түрдү мугалимдин билим берүү сапатына жараша болот деп. Мугалим канчалык сапатту болсо билим берүүнүн сапаты ошончолук жогору болот. Дистанттык билим берүүдө мугалимдин даярдыгы жана анын талапты коё билгендиги маанилүү экендигин изденүүчү айтты, аралыктан билим берүү боюнча көптөгөн конференцияларга катышып, талкууларды жүргүздү.

Диссертациялык изилдөөгө койулган максат жана милдеттери аткарылды деп ойлойм, бүгүнкү күндө Алмазбек Дүйшөкович информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептейм, рахмат.

**Төрага**: Эми сөздү эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө берели, кийинки сөз эксперттерге берилет. Биринчи эксперт п.и.д., профессор Сыдыхов Б.Д. сөз сизде!

**п.и.д., профессор Сыдыхов Б.Д**.

**Кемчиликтер:**

1. Сунушталган методикалык системанын атаандаштык артыкчылыктарын аныктоо үчүн аны эл аралык тажрыйбалар менен деталдуу салыштырууну жүргүзүү зарыл.

2. Диссертациялык иште сунушталып жаткан методикалык системаны орто мектептерге жана колледждерге ыңгайлаштыруу механизмдери толук ачылган эмес, бул анын колдонулушун кеңейтиши мүмкүн.

3. Дистанттык билим берүүнүн экономикалык натыйжалуулугун талдоону конкреттүү статистикалык маалыматтар жана эсептөөлөр менен толуктоо максатка ылайыктуу болот.

4. Дистанттык билим берүүнүн чет өлкөлүк моделдери менен салыштырма анализди жүргүзүү зарыл.

**Сунуштар:**

1. Казакстандык окумуштуулардын дистанттык билим берүү боюнча жазган илимий эмгектерин изилдеп, диссертацияңызга киргизсеңиз жакшы болмок.

2. 1,2,3,4-тиркемеде Дистанттык билим берүүгө талаптар, Дистанттык билим берүүнүн Жобосу, Дистанттык билим берүүнүн окуу процессинин программалары жана графиктери, Колдонмо программалык камсыздоолор, аралыктан билим берүүнү уюштуруу жана башкаруу үчүн санариптик платформалар камтылган. Диссертацияда ошол тиркемелерге шилтеме берилген эмес. Алар диссертациядагы эксперименталдык иштердин жүрүшүндө колдонулушу керек.

Эксперт, **Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич** тарабынан белгиленген кемчиликтер жана берилген сунуштар боюнча изденүүчү Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин жообу:

**1-кемчилдик боюнча.** *Сунушталган системаны анын атаандаштык артыкчылыктарын аныктоо үчүн эл аралык тажрыйба менен деталдуу салыштыруусун камсыз кылуу зарыл.*

**Жооп:** Биз, диссертациялык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө дистанттык билим берүү боюнча Эл аралык тажрыйбаларга анализ жасадык. Мисалы, АКШнын Массалык-ачык онлайн курстары (МООС) боюнча модели каралды, мында электрондук окуу материалдарынын көптүгү жана ошол бардык окуу материалдарына эркин кирүү өзгөчөлүгү жакшы; Великобританиянын **Open University (Ачык университет)** моделинде күчтүү кайтарым байланыш системасынын коюулгандыгы, жогорку сапаттагы педагогикалык дизайндары жана эң негизгиси жазуу иштерине, долбоорлорго жана портфолиолорго басым жасоосу менен айырмаланат; Германиянын **Fern Universität in Hagen** (Аккредитациядан өткөн мамлекеттик дистанттык окутуу университетинин модели. Бул окуу жайдын моделдеги өзгөчөлүк болуп - катуу көзөмөлдөгү академиялык структуранын жана билим берүүнүн сапаттына тыкыр көзөмөлдөөнүн калыптангандыгы менен айырмаланат.

Ал эми биздин методикалык системабыздын айырмачылыгы: Биринчиден, Кыргызстандагы жогорку билим берүү системасына ылайыкташкандыгы; Экинчиден, дистанттык билим берүү процессин ишке ашырууда негизги блокторго бөлүнүп берилгендиги менен (1. Даярдоо блогу; 2. Окутуу процессин уюштуруу блогу; 3. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу блогу; 3. Жыйынтыктоочу блок) жана ар бир блоктун ички процесстери чечмеленип берилгени менен айырмаланат. Үчүнчүдөн, дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын эффективдүү иштешине таасир этүүчү сырткы компоненттердин аныкталып берилгендиги менен айырмаланат. Кээ бир өлкөлөрдүн дистанттык билим берүү боюнча тажрыйбаларын иликтеп, өзүбүздүн диссертациябызга коштук.

**2-кемчилдик боюнча.** *Диссертациялык иште сунушталып жаткан методикалык системаны орто мектептерге жана колледждерге ыңгайлаштыруу механизмдери толук ачылган эмес, бул анын колдонулушун кеңейтиши мүмкүн.*

**Жооп:** Орто мектептерде жана колледждерде дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын колдонуу боюнча излдөөгө коюулган милдеттерибизде жок болгондугуна байланыштуу мында караган жокпуз, кийинки изилдөөлөрүбүздө ушул багыттарды эске алабыз.

**3-кемчилдик боюнча.** *Дистанттык билим берүүнүн экономикалык натыйжалуулугун талдоону конкреттүү статистикалык маалыматтар жана эсептөөлөр менен толуктоо максатка ылайыктуу болот.*

**Жооп:** Дистанттык билим берүүнүн экономикалык эффективдүүлүгү диссертациябыздын мазмунунда жалпы айтылат: 1) инфраструктура боюнча чыгымдардын экономдолуусу (аудитория, жатакана, аш кана, күзөт кызматы ж.б.у.с). 2) мугалимдердин ишин оптимизациялоо (жазылган электрондук окуу материалдарын кайра-кайра кайталап колдонуп окутуу, бир мугалим көп сандаган студенттерди окутуу мүмкүнчүлүгү ж.б.у.с). 3) Алыстан туруп сапаттуу билим алуу, алыскы региондогу студенттердин жол – транспорт чыгымдарынан кетирбөө, иш ордунда туруп билим алуу, убакытты үнөмдөө, ж.б.у.с. сыяктуу маалыматтар боюнча айтылат. Бирок чынында конкреттүү статистикалык цифраларды чогултуу, жогорку окуу жайлардан маалыматтарды алуу оор болгондугуна байланыштуу көрсөткөн жокпуз, муну кеңири карайбыз.

**4-кемчилдик боюнча.** *Дистанттык билим берүүнүн чет өлкөлүк моделдери менен салыштырма анализди жүргүзүү зарыл.*

**Жооп:** Биз, диссертациялык изилдөө учурунда дистанттык билим берүү, электрондук окутуу, ачык билим берүү ж.б.у.с дүйнөлүк практикада колдонуп жаткан билим берүүнүн моделдерин, методикалык системаларын карап чыгып аналздерди жүргүздүк. Андан тышкары буга чейинки Кыргызстандын жогорку окуу жайларындагы дистанттык билим берүү процессин талдоого алдык. Жүргүзүлгөн анализдердин, изилдөөлөрдүн натыйжасында өзүбүздүн методикалык системабызды б.а. *"Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын"* иштеп чыгып сунуштадык. Биз, диссертациялык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө дистанттык билим берүү боюнча 1-ден АКШнын Массалык-ачык онлайн курстары (МООС) боюнча модели менен салыштырып карадык; 2-ден Великобританиянын **Open University (Ачык университет**) салыштырп ал жактан күчтүү кайтарым байланыш системасынын коюулгандыгын байкадык жана жазуу иштерине, долбоорлорго жана портфолиолорго басым жасалаары байкалды; Германиянын **Fern Universität in Hagen** (Аккредитациядан өткөн мамлекеттик дистанттык окутуу университетинин модели менен салыштырганда дистанттык билим берүүгө катуу көзөмөл жүргүзүлөөрү байкалды жана аралыктан окутуунун сапатты тыкыр көзөмөлдөнүп турары билинди.

**Сунуштар боюнча жооп:**

**1.** *Казакстандык окумуштуулардын дистанттык билим берүү боюнча жазган илимий эмгектерин изилдеп, диссертацияңызга киргизсеңиз жакшы болмок* деген эксперттин сунушун кабыл алып биз, Казахстан окумуштууларынын дистанттык билим берүү боюнча изилдеп жазган бир катар илимий эмгектерин карап чыгып, талдоого алдык. Алынган маалыматтарды диссертациябыздын 1-бөлүмүндөгү билим берүүнү маалыматташтыруунун шартында дистанттык

окутуунун теориялык жана практикалык маселелери боюнча жүргүзгөн изилдөөлөргө кошуп толуктадык. Мисалы, Ж.А. Караевдин, Е.К.Балафановдун, М. Есбосыновдун дистанттык билим берүүнүн анализи жана өнүгүү тенденциялары боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрүн карап талдоого алдык. Андан сырткары Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университетинин PhD докторанты Хамитова Дана Сункарбековнанын *"Жогорку окуу жайларда мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн дистанттык окутууну уюштуруунун педагогикалык шарттары"* деген темадагы PhD доктору даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык изилдөөсүндө аралыктан билим берүүнүн перспективасы жана мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттары, структурасы жана мазмуну боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрү талдоого алынды. Д.М. Джусубалиеванын, А.М. Татеновдун, А.Т. Таңатарованын *"Жогорку окуу жайларында дистанттык окутууну өнүктүрүү: көйгөйлөр жана перспективалар"* боюнча изилдөөлөрү дагы талдоого алынды.

**2.** 1,2,3,4-тиркемеде Дистанттык билим берүүгө талаптар, Дистанттык билим берүүнүн Жобосу, Дистанттык билим берүүнүн окуу процессинин программалары жана графиктери, Колдонмо программалык камсыздоолор, аралыктан билим берүүнү уюштуруу жана башкаруу үчүн санариптик платформалар камтылган. Диссертацияда ошол тиркемелерге шилтеме берилген эмес. Алар диссертациядагы эксперименталдык иштердин жүрүшүндө колдонулушу керек деген сунушуңузга рахмат, тиркемелерге карата шилтемелерди киргизип, коштук.

**Экинчи эксперт ф-м.и.д., профессор Кожобеков К.Г.**

**Кемчиликтер:**

1. Сунушталган дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын орто мектептерде жана колледждерде адаптациялоо, колдонуу боюнча аз берилген.
2. Дистанттык билим берүүнүн экономикалык эффективдүүлүгү белгиленгени менен ал конкреттүү статистикалык маалыматтар менен бекемделип берилген эмес.
3. Дистанттык билим берүүдө жасалма интеллекти колдонуу маселелери аз берилген, анын оң жана терс жактары, мүмкүнчүлүктөрү терең изилденген эмес.
4. Эксперименталдык изилдөөгө региондордогу жогорку окуу жайлар дагы кирсе жакшы болмок.
5. Стилистикалык, орфогрфиялык, пунктуциялык каталары байкалды, мүчүлүштүктөр сунуш катары белгиленип иштин маанилүүлүгүнө, баалуулугу менен сапатына таасир этпейт.

**Сунуштар:**

1. Кыргызстандын орто мектептери менен колледждердеги аралыктан окутуу проблемалары дагы изилденип берилсе жакшы болмок. Себеби изилдөөдө алынган натыйжалар, жыйынтыктар, илимий жаңылыктар орто мектептердин, колледждердин аралыктан билим берүүсүндө да колдонууга болору көрүнүп турат.

2. Дистанттык билим берүүнүн экономикалык эффективдүүлүгү жалпы негизде гана жазылган. Дистанттык билим берүүнүн эффективдүүлүгү жогорку окуу жайы үчүн кандай, ал эми билим алып жаткан студент үчүн кандай эффективдүү экендиги бөлүнүп так жазылып берилиши керек. Себеби азыркы учурда убакытты туура жана эффективдүү колдону, ошол эле учурда пайдалуу жана натыйжалуу билим алуу маанилүү маселе болуп саналат.

3. Аралыктан билим алган студенттердин психологиялык жана социалдык проблемалры кеңири изилдениш керек деп эсептейм. Себеби жогорку окуу жайларында аралыктан окуган студенттердин социалдык абалы, шарттары студенттин сапаттуу билим алуусуна таасирин тийгизет.

4. Кыргызстандын региондорундагы жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүү абалы дагы кеңири анализденип берилиши сунушталат. Мында, изилдөөдө алынган натыйжаларды, илимий сунуштарды Кыргызстандын ичинде толук жайылтууга мүмкүндүк болот жана регионалдык абалды аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

5. Учурдагы билим берүүнүн маалыматташуу шартында жасалма интеллектин колдонулушу өзгөчө орунга ээ болуп жаткандыгына байланыштуу эгер, мүмкүн болсо аралыктан билим берүүдө аны колдонуу аспектилери каралып, изилденип берилсе жакшы болмок.

6. Диссертация кыргыз тилинде, диссертацияда колдонулган адабияттардын тизмеси расмий тилде жазылып калган. Адабияттардын тизмесинде көрсөтүлгөн булактардын берилишинде пунктуациялык каталарды оңдоп түздөө, ГОСТ 7.1-2003 боюнча кыргыз тилинде берилиши зарыл.

7. Дистанттык билим берүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу боюнча нормативдик документтерди, жоболорду, мамлекеттик стратегияларды адабияттардын тизмесине кошууну сунуштайм.

8. Диссертациянын жана авторефераттын текстеринде кетирилген стилистикалык, грамматикалык, пунктуациялык кемчиликтерди, каталарды жана жогорудагы кетирилген мүчүлүштүктөрдү жоюу.

Бул сунуштар иштин илимий деңгээлин жана практикалык маанилүүлүгүн жакшыртууга багытталган жана диссертациянын сапатын жогорулатат.

Эксперт, **Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич** тарабынан белгиленген кемчиликтер жана берилген сунуштар боюнча изденүүчү Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин жообу:

**1-кемчилдик боюнча.** *Сунушталган дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын орто мектептерде жана колледждерде адаптациялоо, колдонуу боюнча аз берилген.*

**Жооп:** Орто мектептерде жана колледждерде дистанттык билим берүүнүн методикалык системасын колдонуу боюнча излдөөгө коюулган милдеттерибизде жок болгондугуна байланыштуу мында караган жокпуз, кийинки изилдөөлөрүбүздө эске алабыз.

**2-кемчилдик боюнча.** *Дистанттык билим берүүнүн экономикалык эффективдүүлүгү белгиленгени менен ал конкреттүү статистикалык маалыматтар менен бекемделип берилген эмес.*

**Жооп:** Дистанттык билим берүүнүн экономикалык эффективдүүлүгү диссертациябыздын мазмунунда жалпы айтылат: 1) инфраструктура боюнча чыгымдардын экономдолуусу (аудитория, жатакана, аш кана, күзөт кызматы ж.б.у.с). 2) мугалимдердин ишин оптимизациялоо (жазылган электрондук окуу материалдарын кайра-кайра кайталап колдонуп окутуу, бир мугалим көп сандаган студенттерди окутуу мүмкүнчүлүгү ж.б.у.с). 3) Алыстан туруп сапаттуу билим алуу, алыскы региондогу студенттердин жол – транспорт чыгымдарынан кетирбөө, иш ордунда туруп билим алуу, убакытты үнөмдөө, ж.б.у.с. сыяктуу маалыматтар боюнча айтылат. Бирок чынында конкреттүү статистикалык цифраларды чогултуу, жогорку окуу жайлардан маалыматтарды алуу оор болгондугуна байланыштуу көрсөткөн жокпуз, муну кеңири карайбыз.

**3-кемчилдик боюнча.** *Дистанттык билим берүүдө жасалма интеллекти колдонуу маселелери аз берилген, анын оң жана терс жактары, мүмкүнчүлүктөрү терең изилденген эмес.*

**Жооп:** Диссертациябыздын мазмунунда дистанттык билим берүүдө жасалма интелекти колдонуу боюнча жалпы айтылат бирок, атайы параграфт же бөлүм катары карап изилдөө жүргүзгөн жокпуз. Себеби дистанттык билим берүүдө жасалма интелекти колдонуу бул дагы чоң изилдөөнү талап кылат. Келечекте биз, жалпы билим берүүнү маалыматташтырууда, дистанттык билим берүүнү башкаруу системаларында, санарип мугалимдин жана студенттин ишмердигинде жасалма интелектин ролу, практикалык өзгөчөлүктөрү жана коркунучтары боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүүнү пландап жатабыз.

**4-кемчилдик боюнча.** *Эксперименталдык изилдөөгө региондордогу жогорку окуу жайлар дагы кирсе жакшы болмок.*

**Жооп:** Диссертациябыздын 1-2 бөлүмдөрүндө жалпы Кыргызстандын жогорку окуу жайларында жүрүп жаткан дистанттык билим берүү ишмердүүлүгү изилденген. Андан тышкары дистанттык билим берүү боюнча "Абалды аныктоочу" экспериментте региондогу жогорку окуу жайлар кирген.

**5-кемчилдик боюнча.** *Стилистикалык, орфогрфиялык, пунктуциялык каталар* боюнча оңдоолорду жүргүздүк.

**Сунуштар боюнча:**

6-7-8-сунуштар боюнча диссертациядан жана авторефераттан карап оңдоолорду жүргүзүп чыктык.

**Үчүнчү эксперт п.и.д., доцент Абдиев К.С.**

**Кемчиликтер:**

1. Улуттук өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен дистанттык окутууну билим берүү системасына интеграциялоо маселелерин тереңирээк изилдөө зарыл.
2. Дистанттык окутуу процессинде массалык ачык онлайн курстарды (МООС) пайдалануу боюнча диссертацияда аз маалымат берилген.

3. Авторефератта эксперименталдык иштин жүрүшүндө алынган натыйжалардын таблицалары жана диаграммалары толук чагылдырса жакшы болмок.

**Сунуштар:**

1. Дистанттык билим берүү технологиясын колдонуунун тобокелдиктери жана кемчиликтери боюнча талдоолорго көбүрөөк көңүл буруу зарыл.

Эксперт, **Абдиев Кали Сеильбекович** тарабынан белгиленген кемчиликтер жана берилген сунуштар боюнча изденүүчү Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин жообу:

**1-кемчилдик боюнча.** *Улуттук өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен дистанттык окутууну билим берүү системасына интеграциялоо маселелерин тереңирээк изилдөө зарыл.*

**Жооп:** Биз, диссертациялык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө дистанттык билим берүү боюнча Эл аралык тажрыйбаларга анализ жасадык. Мисалы, АКШнын Массалык-ачык онлайн курстары (МООС) боюнча модели каралды, мында электрондук окуу материалдарынын көптүгү жана ошол бардык окуу материалдарына эркин кирүү өзгөчөлүгү жакшы; Великобританиянын **Open University (Ачык университет**) моделинде күчтүү кайтарым байланыш системасынын коюулгандыгы, жогорку сапаттагы педагогикалык дизайндары жана эң негизгиси жазуу иштерине, долбоорлорго жана портфолиолорго басым жасоосу менен айырмаланат; Германиянын **Fern Universität in Hagen** (Аккредитациядан өткөн мамлекеттик дистанттык окутуу университетинин модели. Бул окуу жайдын моделдеги өзгөчөлүк болуп - катуу көзөмөлдөгү академиялык структуранын жана билим берүүнүн сапаттына тыкыр көзөмөлдөөнүн калыптангандыгы менен айырмаланат.

Ал эми биздин методикалык системабыздын айырмачылыгы: Биринчиден, Кыргызстандагы жогорку билим берүү системасына ылайыкташкандыгы; Экинчиден, дистанттык билим берүү процессин ишке ашырууда негизги блокторго бөлүнүп берилгендиги менен (1. Даярдоо блогу; 2. Окутуу процессин уюштуруу блогу; 3. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу блогу; 3. Жыйынтыктоочу блок) жана ар бир блоктун ички процесстери чечмеленип берилгени менен айырмаланат. Үчүнчүдөн, дистанттык билим берүүнүн методикалык системасынын эффективдүү иштешине таасир этүүчү сырткы компоненттердин аныкталып берилгендиги менен айырмаланат. Кээ бир өлкөлөрдүн дистанттык билим берүү боюнча тажрыйбаларын иликтеп, өзүбүздүн диссертациябызга коштук.

**2-кемчилдик боюнча.** *Дистанттык окутуу процессинде массалык ачык онлайн курстарды (МООС) пайдалануу боюнча диссертацияда аз маалымат берилген.*

**Жооп:** Диссертациялык изилдөөбүздүн 3-бөлүмүндөгү *дистанттык билим берүүнүн структурасы жана мазмуну* боюнча изилдөө учурунда ачык онлайн курстары, програмдык каражаттар боюнча маалыматтар берилген бирок чынында аз берилген. Кемчилик катары көрсөтүлгөндөн кийин, массалык ачык онлайн

курстарын (МООС) дистанттык билим берүүдө пайдалануу жолдору диссертацияда берилди.

**3-кемчилдик боюнча.** *Авторефератта эксперименталдык иштин жүрүшүндө алынган натыйжалардын таблицалары жана диаграммалары толук чагылдырса жакшы болмок.*

Белгиленген кемчилдикти эске алуу менен биз эксперименталдык иштин жүрүшүндө алынган натыйжалардын таблицалары менен диаграммаларын авторефератка толук киргиздик.

**Сунуштар боюнча:** *Дистанттык билим берүү технологиясын колдонуунун тобокелдиктери жана кемчиликтери боюнча талдоолорго көбүрөөк көңүл буруңуз. (Берилген сунушту эске алып диссертацияга кошумчалап киргиздик).*

**Жооп:** Биздин дистанттык билим берүү боюнча жүргүзгөн диссертациялык изилдөөлөрүбүздүн баардык милдеттери ошол тобокелдиктерди жана кемчиликтерди жоюуга багытталган. Эгер педагогикалык коомчулук дистанттык билим берүү процессине ар дайым жоопкерчиликсиз кош көңүл мамиле жасай бере турган болсо кемчилдиктер эч качан жоюулбайт. Мугалим сабакка даярданып, жаңы технологияларды өздөштүрүп, кызыктуу сабактарды уюштура албаса, талаптарды, нормаларды иштеп чыкпаса, эптеп-септеп окутуу процессин ишке ашыра бере турган болсо анада, дистанттык билим берүүгө болгон коомдун оюу эч качан оң жагына өзгөрбөйт. Бүгүнкү күндө коомчулукта дистанттык билим берүүнүн сапаты жок деген терс прикир орноду, буга биз өзүбүз, мугалимдер күнөөлү экендигибизди моюунга алгыбыз келбейт. Баардыгы жоопкерчиликтүү мамилеге жана муглимдин даярдыгына байланыштуу болот. Мына ошондон улам, биздин диссертациялык изилдөөдө сунушталып жаткан методикалык системада "Мугалимдин даярдыгы" деп атайы каралып ага терең маани берилген

**Отурумдун терагасы, п.и.д., профессор Ш.А.Алиев: Рахмат!** Эми диссертанттын жазган эмгегин талкуулоо, илимий дискуссия кылып сөздү кеңештин мүчөлөрүнө берели. Талкуудан соң, изденүүчүгө жыйынтыктоочу сөз беребиз.

**Жооп-изденүүчү А.Д.Ибраев:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү. Биздин ишибизди убакыт бөлүп окуп, баалуу сунуш-пикирлерди, кемчиликтерди айткандарыңыздарга терең ыраазчылык билдиребиз. Убакыттан пайдаланып изилдөө ишинде кеңеш берип, жол көрсөткөн илимий жетекчим п.и.д., профессор С.К. Калдыбаевге терең ыраазычылыгымды билгизем. Баарыңыздарга чоң рахмат!

**Отурумдун төрагасы: педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Ш. Алиев.** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, биз бул отурумда расмий оппонеттер менен жетектөөчү мекемени бекитишибиз керек.

**Отурумдун төрагасы, п.и.д., профессор Ш.А.Алиев:** Рахмат урматтуу кеңештин мүчөлөрү. Эми жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер катары төмөнкүлөрдү сунуш кылам:

Жетектөөчү мекемеге – Жумабек Ахметулы Ташенев атындагы университетин, Шымкент шаары, Казахстан Республикасы.

Биринчи расмин оппонент – п.и.д., профессор Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич.

Экинчи расмий оппонент - п.и.д., доцент Мухамбетжанова Сауле Талапеденовна.

Үчүнчү расмий оппонент - т.и.д., доцент Курманбек уулу Талантбек

**Төрага: педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Ш.Алиев:** Бүгүнкү жыйында Ибраев Алмазбек Дүйшөкович "Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы" деген темадагы доктордук диссертациясы УАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана ачык коргоого сунушталсын деген пикирлер айтылды.

Сунушталган расмий оппоненттер, жетектөөчү мекеме менен макулсуздарбы, каршы эмессиздерби? Анда ушул сунуштарды колго алып, добуш берип койсок.

**Макул – 14,**
**Каршы – жок,**
**Калыс – жок.** Чечим бир добуштан кабыл алынды.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу педагогика илимдери боюнча уюштурулган Д 13.23.681 Диссертациялык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.681 диссертациялык кеңеш Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш ачык коргоого сунушталсын.

**2.** Диссертациялык ишке жетектөөчү мекеме катары – Жумабек Ахметулы Ташенев атындагы университетинин "Маалыматтык коммуникациялык технологиялар" кафедрасы, расмий оппонеттер катары төмөндөгүлөр бекитилсин:

Биринчи расмин оппонент – п.и.д., профессор Сыдыхов Б.Д.
Экинчи расмий оппонент - п.и.д., доцент Мухамбетжанова С.Т.
Үчүнчү расмий оппонент - т.и.д., доцент Курманбек уулу Талантбек

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** Sh. Ealiev **Алиев Ш.А.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Казиева Г.К.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ